Изменчивый принцип – это территории, которые подвержены максимальным изменениям, должен определяться динамикой развития территории города. Например, как мы отмечали выше: по рентабельности и ликвидности экономики, по инвестиционным проектам, которые осуществляются часто без особого участия градостроительных и архитектурных решений. Поэтому в городской ткани будут и были такие объекты и пустоты, а значит, их нужно специально закладывать. Архитектурные решения в них могут быть как резервированием территорий с непостоянными, так и мобильными или универсальными функциями. На примере «Восточной промзоны» - это районы с предприятиями с многочисленными переделками производственных зданий, складов.



Рис.2. Пример из проектного предложения по ревитализации приречных территорий Восточной промзоны города Бишкек с учетом социального объекта, как школа и детский сад, которые не были учтены на данной территории.



Рис.3. Пример из проектного предложения по ревитализации приречных территорий Восточной промзоны города Бишкек

В заключении, мы хотели бы подчеркнуть, что реновация или комплексный подход по стратегиям развития промышленных и складских территорий требует новых исследований.

Список литературы

1. Агранович, Г.М. Реконструкция промышленных предприятий в исторически сложившейся городской застройке / Г.М.Агранович, О.Р. Мамлеев // Известия ВУЗов. Строительство. - 1996. – №1. – С.92- 96.

2. Багирова-Ибрагимли Г.А. Формирование и развитие промышленных территорий Баку и Абшерона [Электронный ресурс] – Режим доступа: https://azmiu.edu.az/upload/ckeditor/1981825761.pdf

3. Беккер, В.Я. Реорганизация промышленных территорий /В.Я. Беккер, В.В. Карелина // Архитектура и строительство Москвы. – 2001. - №5-6. – С.73- 76. 5. Капсула для жизни. ELLE Декор. Май 2002. (№9). С. 118-123.

4. Вавилин, В.Ф. Архитектурное проектирование промышленных зданий /В.Ф. Вавилин, В.В.Вавилин, Н.М. Кузнецов, С.А. Коротков. – Саранск: Мордов. ун-т, 2005. - 128с.

5. Золотых, М. А. Реновация промышленных зон в современных условиях города / М.А.Золотых // StudArctic forum. – 2017. - № 2 (6). - С. 8.

6. Грахов, В.П. Основные тенденции современных проектов реновации промышленных зон / В.П.Грахов, С.А. Мохначев, П.Е.Манохин, Д.С. Виноградов // Фундаментальные исследования. - 2016. - № 12-2. - С. 400–404.

7. Цитман, Т.О. Реновация промышленной территории в структуре городской среды / Т.О.Цитман, А.В. Богатырева // Инженерно-строительный вестник Прикаспия: научно-технический журнал. – Астрахань: Астраханский инженерно-строительный институт, ГАОУ АО ВПО «АИСИ», 2015. - №4 (14). - С.29-35.

8. Поцешковская, И. В., Сорока А.Н. Оживление городских промышленных зон на основе на принципах устойчивого развития

Revitalization of urban industrial areas based on sustainable development principles I. V. Potseshkovskaya, A.N. Soroka Department of Architecture, Faculty of Civil Engineering of St. Petersburg Mining University, Russia

E3S Web of Conferences 266, 08012 (2021) https://doi.org/10.1051/e3sconf/202126608012 TOPICAL ISSUES 2021, (Дата обращения: 20.06 2023).

9. Хохлачева, С.Г. К проблеме архитектурно-планировочной организации реконструируемых промышленных зон города / С.Г.Хохлачева // Изв. вузов. Строительство. – 1996. – №2. – С.109-113.

10. Программа Организации Объединенных Наций по окружающей среде, “Отчет о глобальном состоянии зданий и строительства за 2020 год: на пути к нулевому уровню выбросов, эффективным и устойчивым зданиям и строительному сектору” (Найроби, Кения: Глобальный альянс по зданиям и строительству, 2020) Найроби, Кения: Глобальный альянс по зданиям и строительству, 2020, от: https://globalabc.org/sites/default/files/inline-files/2020%20Buildings%20GSR_FULL%20REPORT.pdf . (Дата обращения: 20 .03.2023).

11. Информационное агентство 24.kg, «Проблемы с водой в Бишкеке. Счетчики установлены только у 12 процентов горожан», электронный ресурс https://24.kg/vlast/267579_problemyi_svodoy_vbishkeke_schetchiki_ustanovlenyi_tolko_u12protsentov_gorojan/, (Дата обращения: 20.06 2023).

12. Насирдинова, А. М. Экология городской среды и меры по её улучшению / А. М. Насирдинова // Вестник Кыргызско-Российского Славянского университета. – 2018. – Т. 18, № 12. – С. 113-117. – EDN YXJVBR.

УДК: 711.4 (045) DOI:10.56634/16948335.2023.2.854-859

У.Б.Ташкулов, У.Ж. Искендеров
И. Раззаков атындагы КМТУ, Бишкек, Кыргыз Республикасы
КГТУ им. И. Раззакова, Бишкек, Кыргызская Республика

U.B. Tashkulov, U. G. Iskenderov
KGTU n. a. I. Razzakov, Bishkek, Kyrgyz Republic
u_tashkulov@mail.ru, u.m.0109@mail.ru

КЫРГЫЗСТАНДЫН ШААР КУРУЛУШУНДАГЫ ОРТО КЫЛЫМДАРДАГЫ КООМДУК-САЯСИЙ ЖАГДАЙЛАР

СОЦИАЛЬНО-ПОЛИТИЧЕСКИЕ ОБСТОЯТЕЛЬСТВА СРЕДНЕВЕКОВОЙ ЭПОХИ В ГРАДОСТРОИТЕЛЬСТВЕ КЫРГЫЗСТАНА

SOCIO-POLITICAL CIRCUMSTANCES OF THE MEDIEVAL ERA IN THE URBAN PLANNING OF KYRGYZSTAN

Бул макалада орто кылымдагы шаарлардын пайда болушуунун себептери жана табигый географиялык факторлор талкууланат. Каганаттардын пайда болушу Кыргызстандын ар кайсы өрөөндөрүндөгү шаарлардын жашоосуна таасирин тийгизген.
Түйүндүү сөздөр: *цитадель, шахристан, курам, некрополь, отрукташуу, каганат, конуштар, факторлор, көчмөн мамлекети, Караханиддер.*

В данной статье рассматривается естественно-географические факторы, причины возникновение средневековых городов. Появление каганатов оказали влияние жизнедеятельности городов в разных долинах средневековья Кыргызстана.
Ключевые слова: *цитадель, шахристан, структура, некрополь, городище, каганат, поселения, факторы, кочевые государство, Караханиды.*

This article discusses the natural geographic factors and causes of the emergence of medieval cities. The emergence of khaganates influenced the life of cities in different valleys of the Middle Ages.
Key words: *citadel, shakhristan, structure, necropolis, settlements, kaganate, settlements, factors, nomadic state, Karakhanids.*

Киришүү. XX к. экинчи жарымындагы Кыргызстандын орто кылымдардагы шаарларын изилдөө тажрыйбасы тигил же бул шааркуруу эстеликтеринде (чептүү конушта) кылдат уюштурулган архитектуралык-археологиялык иштер гана эмес шаардын курамындагы бөлүктөрүнүн (цитадель, шахристан, некрополь) табияты, турак-жай, диний курулуштун архитектурасы, соода, өнөр-жай жана башка имараттары, орто кылымдардын тургундарынын шааркуруу ишинин деңгээли жана мазмуну жөнүндө конкреттүү маалыматтарды бере аларын көрсөттү.

Адабий булактарды изилдөөнүн негизинде, биз жогоруда белгилегендей, XX кылымдын биринчи жарымында В.Бартольд, А.Н.Бернштам орто кылымдагы шаарлардын аттары менен алардын азыркы Кыргызстандын тигил же бул аймагында жайгашкан ордун аныктап, орто кылымдардагы шаарлардын жана айылдык калктуу конуштардын жайгашуусунун тарыхый картасын түзгөн.

60-жылдардан тартып мындай иштерди республиканын тарыхчылары жана архитекторлору улантып келкен. Археологиялык изилдөөлөр менен такталган фактылардын негизинде тарыхый конуштардын деталдуу схемалык пландары түзүлгөн.

Негизги материалдын баяндалышы. Ошол эле учурда VI–IX к.к. болгон шаардын же айылдык калктуу конуштун конкреттүү функционалдык-пландаштыруу курамын колдоо болгон схемалык пландар боюнча элестетүү кыйын экенин айтуу керек. Бул жагдай Кыргызстандын орто кылымдардагы шаар курулушун илимий тарыхый-архитектуралык мүнөздөөгө эң олуттуу тоскоолдук болуп саналат. Орто кылымдарда Кыргызстандын аймагында шаарлардын пайда болушуна эмне себеп болгон?

1. Социалдык себеп - бири-биринен обочолонгон конуштар менен аймактык ээликтердин ортосунда жаңы коомдук мамилелердин пайда болушу (тышкы коомдук себеп); кол өнөрчүлүктү айыл-чарба турмушунан андан ары бөлүү; шаардын административдик-саясий ролу; эбегейсиз байлыкты башкаруучулардын колунда жергиликтүү калкты башкаруу үчүн топтоо ж.б.

2. Экономикалык себеп – эмгектин кол өнөрчүлүккө, соодага жана айыл-чарбага бөлүнүшү; кербен-соода жолунда соода түйүндөрүнүн ролун шаарлардын аткаруусу; баш ийген жергиликтүү калктан салык алуу боюнча таяныч бөлүктөр.

3. Айылдык көчмөн калктын миграциясы.

4. Аскердик-саясий себеп – басып алуучулардын жергиликтүү калкка болгон бийлигинин негиздүүлүгү; белгилүү бир аймакты жана чакан калктуу пункттарды көзөмөлдөө. Андан кийин үч негизги себептин натыйжасында шаарлардын маданий-руханий, архитектуралык-курулуш көйгөйлөрү (анын ичинде эстетикалык) пайда болушу.

Тигил же бул шаардын саясий, социалдык, экономикалык, аскердик курулуштары бийлик (күч) менен аныкталат – бул ар бир шаардын пайда болуу мыйзамы. Шаардын мындан аркы иштеши да ар дайым реалдуу саясий бийликтин мүнөзүнө, экономикалык мамилелерине, аскердик факторуна көз каранды - мунун баары тигил же бул шаардын жашоо режимин (өнүгүшүнүн же кыйратылышынын) алдын ала аныктайт. Шаардын диний, руханий, эстетикалык, техникалык аспектилери биринчи үчөөнө, ошондой эле табигый, климаттык жана тарыхый факторлорго көз каранды. Орто кылымдагы шаарлардын архитектуралык, эстетикалык, техникалык аспектилери кыйыр (же түз) алгачкы себептерди чагылдырат. Алардын негизги себептерге тескери таасирин түшүнүү же ачуу өтө кыйын. Имараттар менен комплекстердин деңгээлинде эстетикалык, техникалык архитектуралык түзүлүштөрдүн алгачкы себептерге тийгизген таасири айкыныраак сезилет. Бул жерде жалпы шаарларды курууга караганда архитектордун, чебердин (мастердин) ролу алда канча маанилүү.

Методологиясы. Экстраполяция, аналогия жана археологиялык казуулардан алынган фрагменттик материалдарды колдонуунун негизинде Кыргызстандын байыркы жана орто кылымдардагы шаарларын графикалык реконструкциялоо - бүгүнкү күндө тарыхый-архитектуралык ып-билүү маселени чечүүдө аргасыз мамиле кылуу болуп саналат. Маселени толук кандуу чечүүдө шаарларды комплекстүү архитектуралык-археологиялык изилдөөнү уюштуруу менен гана мүмкүн болот[1].

Жалпысынан алганда, Европада да, Азияда да орто кылымдар - феодализм доору экендиги жалпы кабыл алынган.

Орто кылымдардагы архитектуранын шедеврлерин түшүнүү жана ырахат алуу, алардын өзгөчөлүктөрүн байыркы жана кийинки мезгилдерден айырмалоо үчүн доордун тарыхый сүрөттөлүшүн, тактап айтканда, маданий-экономикалык процесстердин көп түрдүүлүгүн алдын ала билүү жана так элестетүү зарыл жана алардын объективдүү себептерин, анын жыйынтыгы жана натыйжасы орто кылымдагы чеберчилик болгондугун билүү[2].

VI к. баштап шааркуруу процесстери түндүк региондо, адегенде Чүй жана Талас өрөөндөрүндө, андан кийин Ысык-Көл ойдуңунда жана ички Тянь-Шанда жайылган.

Эрте орто кылымдарда түндүк аймактагы көптөгөн шаарлардын салыштырмалуу кыска убакыттын ичинде пайда болушуна эмне таасир эткен?

Кыргызстандын түндүк аймагындагы шаарлардын пайда болушуна эң аз дегенде бир катар факторлорду аныктоого болот. Алар: 1) дүркүрөгөн саясий жана аскердик

процесстер; 2) тийиштүү социалдык-экономикалык мамилелердин түзүлүшү, биринчи кезекте коомдун феодалдык түзүлүшүнүн калыптанышы; 3) согдулуктарды көчүрүү; 4) Улуу Жибек жолунун түндүк аймагы аркылуу өткөн тармактарынын биринин интенсивдүү иштеши; 5) маданий-диний факторлор; 6) табигый шарттар ж.б.

Жогорудагы факторлордун бардыгы убакыт боюнча өзгөрүп туруучу, б.а., шаарды өнүктүрүүнүн өзгөрмө факторлору болгон, мында түндүк аймактын табигый жаратылыш-климаттык шарттары туруктуу факторлор катары каралат.

Бир жагынан алганда, орто кылымдардагы Кыргызстандын тарыхы кайсы бир мезгилдерде шааркурууда жана ошол мезгилдин архитектуралык формаларында чагылдырылган татаал социалдык, аскердик-саясий окуялардын, чарба-экономикалык процесстердин, карама-каршы руханий-маданий кубулуштардын натыйжасында баракта-баракка ачылып, топтолуп, өнүгүп турган. Экинчи жагынан, шааркуруу процесстеринин ар түрдүү болушу өлкөнүн аймактарынын табигый- географиялык факторлоруна байланыштуу болгондугу менен шартталган.

Эгерде алгачкы орто кылымдарда чакан шаарлар жана отурукташкан айыл-чарба конуштары социалдык-экономикалык түзүлүшү менен көчмөндөрдүн (каган, хан, бек) аскердик-саясий бийлигине баш ийип турган болсо, анда караханиддер доорунда түп-тамырынан бери - анда аскерий-саясий бийлик шаарларда топтолуп, айыл-чарба, соода, кол өнөрчүлүк коомдун аныктоочу социалдык-экономикалык базасы болуп калган.

Кыргызстандын орто кылымдардагы архитектурасы, шаар курулушу көчмөндөрдүн саясий үстөмдүгүнүн, жергиликтүү калктын көчмөн маданиятынын басымдуу режиминде иштеген. Тарыхчыларга эрксизден кыргыздын өткөнүн ушундай призма менен карооо туура келет. Саясий чыр-чатактар, «убадаланган жер» үчүн күрөш, баскынчыларга каршы күрөш, уруулар аралык араздашуу кыргыздардын жашоо мейкиндигинен дээрлик чыкпай калган[3].

Эрте орто кылымдардагы көчмөндөрдүн дыйканчылык мамлекеттерине салыштырмалуу негизги өзгөчөлүгү, аларда кытай түшүнүгүндө мамлекеттик түзүлүш жана башкаруу (борбор шаары менен, айылдык калктуу конуштардын шаарларга иерархиялык баш ийүүсү, башкаруучуга баш ийген, такай чек ара менен корголгон куралдуу жана жазалоочу аскерлер, ж.б.) болгон эмес. Кыргыз каганаты хандардын жамааты болгон, б.а. согуш мезгилинде гана борборлоштурулган башкаруу орногон прото-мамлекеттин бир түрү болгон. Көчмөндөр коомунун дагы бир өзгөчөлүгү – “жазуунун жоктугу”, туруктуу географиялык аймактын жоктугу, ырым-жырымдарды коомдун мыйзамы катары ыйык тутуусу болгон.

Элдердин, биринчи кезекте көчмөндөрдүн кыймылы, эреже катары, согуштар жана шаарлардын талкаланышы менен коштолгон. Орто кылымдардагы Кыргызстандын аймагынын Азия континентинин борборундагы географиялык абалы элдердин миграциясы жана көчмөндөрдүн, кытай армиясынын жана башкалардын аскерий жортуулдары чек араларга агрессивдүү кирбестен, калкты багынтып алууга болбой тургандыгы себеп болгон. Тарыхый хроникалар күбөлөндүрүп тургандай, элдердин Улуу жер которуусу б.з.ч. I миң жылдыктын аягында башталган. Алыскы монгол талааларынан жана тоолорунан келген гунн уруулары байыркы Кыргызстандын аймагына б.з.ч. III кылымда жеткен, андан кийин алар европалык элдердин жана өлкөлөрдүн жерлерине согуштук жүрүштү улантышкан. Чындыгында, гунндар өздөрүнөн кийин шаарларды да, отурукташкан конуштарды да калтырышкан эмес. Гунндардын көп сандаган дөбөлөрү жана кыйраган дыйкандардын конуштары ошол доорлордун тарыхый далили болуп саналат. Байыркы Кыргызстандын ондогон шаарлары гунн аскерлеринин күчү менен жер бетинен жок кылынган [4].

II-V к.к. байкалган Кыргызстандын азыркы аймагындагы коомдук-маданий жана экономикалык кризис, тактап айтканда, көчмөн коомдордогу саясий башаламандык, кээ бир дыйканчылык маданиятынын кыскарышы, кол өнөрчүлүктүн төмөндөшү, соода алакаларынын кыскарышы, искусствонун унутта калышы жана анын натыйжасында

мунун бардыгынан бүткүл аймактын кыйрашы калктын санынын азайышына, калктуу конуштардын өсүшүнүн басаңдашына, кээде айрым бир шаарлардын жана айылдардын табигый соолуп кетишине алып келген. Буга ошол кылымдарга туура келген курулуш мүнөздөгү тарыхый-археологиялык эстеликтердин (чептердин) аздыгы күбө. Ош, Касан, Өзгөн, Эрши ж. б. шаарларда жана айылдык аймактарда административдик-саясий үстөмдүктү жоготушкан. Аталган шаарларда борборлорунда дүркүрөгөн диний ишмердүүлүк да токтогон. Шаардыктар акырындык менен айылга көчүп кете башташкан. Жалпысынан бул Орто Азияда байыркы доордун аяктоо мезгили болгон. Теңир-Тоо, Жети-Суу, Памир-Алай тоо өрөөндөрүндө курулуш ишмердүүгүнүн издери жок [5].

V к. ортосунан VI к. ортосуна чейин. (б.а. 100 жылга жакын) Орто Азиянын аймагында эфталиттер (өз аталышы «хион») үстөмдүк кылган. Архитектуралык эстеликтер, ал уруулар менен элдерден калган чалдыбарлар Жети-Суу жана Фергана тоолуу аймактарында тарых илиминде дээрлик белгисиз. [6]. Албетте, ошондуктан биздин замандын I миң жылдыгынын биринчи жарымындагы архитектуранын эволюциясынын кандайдыр бир сезээрлик белгилерин байкай албайбыз. Кыргызстандын архитектурасынын тарыхындагы бул чоң боштук байыркы доордун аягынан, тактап айтканда, биздин заманга чейинки III к. ортосунан башталганын айтуу керек жана VII к. башына чейин созулуп, атайын архитектуралык-археологиялык изилдөөлөрдү талап кылат. Ушул убакка чейин мисал катары Кайрагач жана Кара-Булактан (Баткен району) башка бир дагы конуш, шааркуруу эстеликтерин айтпаганда да, жүйөлүү далил боло албайт[7].

VI к. ортосунда Кыргызстандын түндүк аймагына бир топ түрк уруулары (анын ичинде кыргыздар) Түрк каганатын түзгөн Борбордук Азиянын башка аймактарынан Алтайдан көчүп келе баштаган. Алтайлык түрктөр өздөрүнүн энергиялуу жетекчилери менен көп нерсени жасоону билишкен: алар кендерди тез өздөштүрүшкөн; темир эритишкен, темир усталар металлдан курал-жарактарды чебердик менен жасашкан; темир жабдыктуу атчан аскерлери болгон; башка көчмөндөрдөн айырмаланып, алар мал чарбачылыгы менен гана чектелбестен, дыйканчылык менен алектенишкен; отурукташкан конуштар болгон; анын үстүнө Орто Азиянын оазистери каратылгандан кийин түрктөрдүн көбү отурукташкан жашоо образына өткөн; элдик уламыш боюнча Бухара шаарын дал ошолор негиздеген [8].

Легендарлуу Истеминин ысымы (575-ж. каза болгон) кыргыздардын этносаясий тарыхына жарык чачкан өтө маанилүү жагдайга байланыштуу болгон [9]. VI к. Жети-Суудагы кытай жылнаамасынан көрүнүп тургандай - «он жебе элинин» конфедерациясында жашаган (он ок бодун). Алар Чүй дарыясын бойлоп жашаган, көчмөн турмушта жашаган, бири-биринин тилин түшүнгөн, маданий жана диний каада-салттары окшош, жакын коңшулаш, экономикалык мамилелерди жана эң аз дегенде, аскер кызматташтыгын түзгөн он уруу болгон. Ошол уруулардын бири кыргыздар болгон. Тарыхчылар Истеми (Силзибул) кагандын түрк руна жазууларына караганда «он уруулуу» титулуна ээ болгонун жана дал ошол Түндүк Кыргызстандын аймагында эфталиттердин аскерлерин талкалаганын айтышат (болжол менен 555-ж.). 563-567-жылдары Сасаниддик Иран менен жакын болуп калган түрктөр акыры эфталиттерди өз уюгунда, б.а., дайралардын аралыгында (Амударыя менен Сыр-Дарыя) талкалашкан.

Түрк каганаты пайда болгондо да чыгыш жана батыш ээликтерине бөлүнгөн. Чыгыш каганаттын башкаруу бөлүгү Орхон дарыясынын (Түндүк Монголия) жогорку агымында, ал эми батыш хандыктын борбору Суяб болгон, ал стратегиялык жактан маанилүү жерде, тактап айтканда, өлкөнүн таяныч аймагынын борборунда жайгашкан – Жети-Суу жана Тянь-Шань каганаттын ээликтери болгон. Чүй өрөөнүндө VI к. орто ченинде эле бир нече ири конуштар болгон десе болот, алардын ичинен Суяб эң чоң болгон [10].

Истеминин үстөмдүгү менен эфталиттер жана жуан-жуандардын Чүй өрөөнүндөгү көчмөн жана дыйканчылык калкынын турмуш-тиричилигине жана чарбалык шарттарына каршылык-кыйноолор токтогон. Истеминин тушунда (20 жылдан ашык) Жети-Сууда жашоо

бир топ өзгөргөн. Ошентип, Суяб кубаттуу мамлекеттин борбору катары гүлдөгөн. Өнүккөн шаар маданияты, чоподон жасалган монументалдык скульптура, түрк башкаруучусунун Суябдагы түркүн түстүү башкаруу бөлүмү кытайлык зыяратчыларга унутулгус таасир калтырган.

Түпкү кыргыз жеринде - Сары-Өзөндө («Сары өрөөндө» - Чүй) Орто кылымдардын тарыхына кирген Суяб чыгышта да, батышта да белгилүү шаар катарында пайда болгон. VI к.ортосунан тартып X к.чейин Багдад, Хорасан, Пекин, Дамаск, Каир, Самарканд сыяктуу атактуу шаарлар менен бирге Суяб шаарынын даңкы эл оозунда тараган.

603-жылы Түрк каганаты акыры өз алдынча эки мамлекетке: Батыш жана Чыгыш каганаттарына ажырайт. Кыргызстандын калкынын мындан аркы тагдыры 100 жылга жакын созулган Батыш Түрк каганаты менен байланышкан.

Андан кийин тарых дагы бир жолу чагылгандай бурулду. Дулу конфедерациясынын курамына кирген түргөштөр Чүй менен Иленин коктусунда жашап, бир тууган түрктөр менен бирге өз башчысынын тегерегине биригип, кыйраган Түрк каганатынын ордуна түргөш уруусунун бийлигин түптөө үчүн күчтүү кошуун түзүшкөн. Сары түргөштөрдүн башчысы Үч-элик-каган (704–706-ж. башкарган) Талас дарыясынын өрөөнүндөгү шаарлардын каршылыгын ийгиликтүү жеңип, андан соң батыштан Чүй өрөөнүнө кол салып, *Кулан* шаарын ээлеген.

Ал жерде Батыш Түрк каганатынын акыркы уруусунан ашина каган өлтүрүлгөн. Чыгышты көздөй жылган түргөштөр тез эле Чүй өрөөнүндөгү чакан шаарларды басып өтүп, Невакет жана Суяб шаарларынын четинде чоң каршылык көрсөтүшкөн. Катуу айыгышкан согуштан кийин бул шаарлар баскынчыларга багынып беришкен. Үч-элик-каган 704-жылы *Суябды Түргөш каганатынын борбору* деп жарыялаган.

VIII к. башында арабдар Иранды басып алып, Хорасанда бекем отурукташып алып, Мавераннахрды басып алуунун планын белгилешкен. Түргөш каганаты жакындап келе жаткан араб коркунучун сезип, Согда менен аскердик союз түзүү жолун тандап алган. Биринчи согушта арабдар жеңилишкен. Түрктөр менен согдулуктардын туруктуу бириккен куралдуу күчтөрүнүн жоктугу кийинчерээк арабдарга Самарканд менен Бухарада өз бийлигин орнотууга мүмкүндүк берген[11].

Корутундулар. 712−713-ж.ж. түрктөрдүн, согдийлердин, ферганандын аскерлери арабдардын Орто Азияга басып киришине дагы бир жолу каршы чыгышкан. VIII к. биринчи жарымында Түргөш каганатынын ичиндеги жарандык кагылышуудан пайдаланып, Жети-Сууда кытай аскерлери пайда болгон. Алар бир канча убакытка чейин Суяб шаарына орношуп, өз экспансиясын Чүй жана Талас өрөөндөрүнүн башка шаарларына тарката алышкан. Бул жагдай түрктөрдүн эки жамандыктын кичинесин тандоого аргасыз болушуна алып келди - б.а. араб тарапты тандоого түрткү болгон.

751-жылы Атлах шаарына жакын жерде кытай армиясы арабдар менен түрктөрдүн бириккен аскерлеринен жеңилип, Жети-Суудан көпкө чыгып кеткен.

VIII к. экинчи жарымынан тартып саясий бийлик жергиликтүү калктын арабдарга жана мусулмандарга каршы маанайын активдүү колдогон карлуктарга өткөн.

Карлук жабгу Талас өрөөнүн башкаруу бөлүгү катары тандап алган. *Касрибас* карлуктардын борбору болуп калган.

IX к. саманиддердин Жети-Суудагы таасири күчөп, алар Талас өрөөнүндөгү шаарларга мусулман архитектурасынын айрым элементтерин тарата алышкан. Ошентип Кыргызстандын аймагында алгачкы мечиттер X к. пайда боло баштаган.

IX к. саманиддер мамлекети өзүнүн күчүн көрсөтө баштаган, бул Борбордук Азия өлкөлөрүнүн ичинен ислам маданиятын биринчилерден болуп кабыл алган. Талас өрөөнүндө шаарлардын пайда болушуна Саманиддер таасир эткен.

Жыйынтыктоо. Чүй өрөөнүндөгү туруксуз саясий кырдаал шаарлардын жашоосуна түздөн-түз таасирин тийгизген. Ошондуктан, орто кылымдардагы шаарлар дайыма коргонуу чеби катары, чеп дубалы менен корголгон турак-жай катары курулган, ошондуктан

шаарлардын ордун тандоодо, турак- жайларды, жарандык имараттарды курууда согуш фактору өзгөчө мааниге ээ болгон.

Адабияттар тизмеси

1.Лавров В.А. Градостроительная культура Средней Азии (с древних времен до второй половины XIX века): учебник / В.А. Лавров. – Москва: Государственное издательство архитектуры и градостроительство, 1950. - 178 с., ил.

2.Байпаков К.М. Древние города Казакстана: учебник/ К.М. Байпаков, Л.Б. Ерзакович. - Алма-Ата: 1971. - 212 с.

3.Кыргызстан (Энциклопедия): Центр гос.языка и энциклопедии / под редакцией О. Ибраимова. – Бишкек: 2001. - 546 с. ISBN 5897501297.

4.Заднепровский Ю.А. Фергана на Шелковом пути :Формирование и развитие трасс Великого Шелкового пути в Центральной Азии в древности и средневековье: Тезисы доклада / Ю.А. Заднепровский. – Ташкент: 1990.

5.Мамытов С.А. Городская культура тюрков в средневековье и ее роль в развитии дидактической литературы / Ош жана Фергана: археология, новое время, культурогенез, этногенез: Тезисы доклада / С.А. Мамытов. - Бишкек: Мурас, 2000.

6. История Киргизской ССР, I том. С древнейших времен до середины XIX века. / сост. Коллективная монография. – Фрунзе: 1984. - 218 с.

7. Баруздина Ю.Д. Археологические памятники Баткена и Ляйляка. (Юго-Западная Киргизия): учебник / Ю.Д. Баруздина, Г.А. Брыкина. – Фрунзе: Издательство академии наук Киргизской ССР, 1962. - 128 с.

8.Литвинский Б.А. О некотрых моментах развития средневекового города Средней Азии / Б.А.Литвинский // Изв. Отд. Общ. Наук АН Тадж. ССР. – Душанбе: - 1958. - № 4. - 92с.

9. Беленицкий А.М. Средневековый город Средней Азии: учебник /А.М. Беленицкий, И.Б. Бентович, О.Г. Большаков. – Ленинград: 1973.

10. Городская культура Бактриины – Тохаристана и Согда. Материалы советско-французского коллоквиума: / под ред. Г.А.Пугаченкова. – Самарканд: 1986.

11. Материалы по истории киргизов и Киргизии: учебник/ второе издание т.2 / под ред. В.А. Ромодина. - М.: 1973, 280 с.

УДК: 72.035 (045) DOI:10.56634/16948335.2023.2.860-865

У.Б.Ташкулов, К.А. Каепкулов
И. Раззаков атындагы КМТУ, Бишкек, Кыргыз Республикасы
КГТУ им. И. Раззакова, Бишкек, Кыргызская Республика

U.B. Tashkulov, K. A. Kaepkulov
I. Razzakov KSTU, Bishkek, Kyrgyz Republic
u_tashkulov@mail.ru, kaepkulov.kanybek@gmail.com

КЫРГЫЗСТАНДЫН ОРТО КЫЛЫМДАРДАГЫ АРХИТЕКТУРАСЫНЫН КАЛЫПТАНЫШ ТАРЫХЫЙ ШАРТТАРЫ

ИСТОРИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ ФОРМИРОВАНИЯ СРЕДНЕВЕКОВОЙ АРХИТЕКТУРЫ КЫРГЫЗСТАНА

HISTORICAL CONDITIONS FOR THE FORMATION OF MEDIEVAL ARCHITETURE OF KYRGYZSTAN

Бул макалада орто кылымдардагы архитектуранын шедеврлерин түшүнүү жана ырахат алуу, алардын өзгөчөлүктөрүн байыркы жана кийинки мезгилдерден айырмалоо үчүн дал ошол доордун тарыхый сүйрөттөлүшүн, экономикалык процессин жана обьективдүү себебин, маданий ар түрдүүлүгүн алдын ала билүү жана так элестетүү зарыл экендиги каралат.
Түйүндүү сөздөр: *көчмөн уруулар, байыркы түрк доору, шаарлануу, архитектуралык-пландоо, түзүлүш, чеп, курулуштар, орто кылым шаарлары, фарсах, каганат.*

В данной статьи рассмотрено понять и наслаждаться шедеврами средневековой архитектуры, различать их особенности от древней и последующей периодов, необходимо, предварительно знать и ясно представлять историческую картину эпохи, многообразие культурно-экономических процессов и объективных причин.
Ключевые слова: *кочевые племена, древнетюркская эпоха, градостроительная картина, архитектурно-планировочная структура, фортификация, сооружения, средневековые города, фарсах, каганат.*

In this article, it is considered to understand and enjoy the masterpieces of medieval architecture, to distinguish their features from the ancient and subsequent periods, it is necessary to know in advance and clearly imagine the historical picture of the era, the diversity of cultural and economic processes and objective reasons.
Key words: *nomadic tribes, ancient Turkic era, urban planning, structure, fortification, structures, medieval cities, farsakh, kaganate*

Киришүү. Биздин замандын биринчи миң жылдыгынын ортосуна чейин Кыргызстандын «талаа» аймактарынын тоо этектеринде жана өрөөндөрүндө, ошондой эле коңшулаш аймактарда шаар менен айылдын бөлүнбөгөн биримдиги сакталып кала берген. Кол өнөрчүлүк дыйканчылыктан, ал эми дыйканчылык өз кезегинде мал чарбачылыгынан ажырай алган эмес. Дыйканчылык оазисиндеги конуштардын көчмөн уруулар менен жанаша жашоосу жана өз ара аракеттенүүсү Кыргызстан үчүн гана эмес, Чыгыштын көптөгөн өлкөлөрү үчүн миңдеген жылдар бою өнүгүүнүн өзгөчө салттуу үлгүсү болуп калган.

Негизги материалдын баяндалышы. Мурда белгиленгендей, байыркы доордо шаарлануу жана чарба-экономикалык жактан Кыргызстандын түштүк аймагы түндүккө караганда алда канча өнүккөн. Кеч байыркы доордун бүткүл доорунда өндүрүштөгү жана

экономикадагы жетектөөчү ролду жамааттын мүчөлөрү, өзгөчө айыл-чарбаны сактап келген. Элдин калыптануу процесси көчмөн уруулардын («гунндар, усундар») бирикмелерин түзүүнүн чегинен өткөн эмес, алар бири-бири менен жарым-жартылай гана байланышкан. VI к. бир элди түзүү үчүн айрым бир өбөлгөлөр түзүлгөн. Бул Кыргызстандын тарыхындагы бурулуш учур болгон. Биринчи миң жылдыктын экинчи жарымын тарыхчылар байыркы түрк доору деп аташат. Ал байыркы мезгилден кыйла айырмаланат. Биринчи миң жылдыктын ортосунан баштап азыркы Кыргызстандын аймагында жашаган калктын арасында бара-бара феодалдык маанай калыптанган [1].

Орто кылымдардагы Кыргызстандын убактылуу чек аралары VI жана XVII к.к., б.а. каралып жаткан мезгил 12 кылымдан ашык убакытты камтыйт. Тарыхый архитектура илими орто кылымды үч этапка бөлөт:

− эрте орто кылым (VI–IX к.к.– 4 кылым);
− өнүккөн орто кылым (X- XII к.к. – 3-кылым);
− соңку орто кылым (XIII – XVII к.к. – 5 кылым).

Ошол эле учурда шаарлардын эволюциясы алгачкы эки этапта гана жүргөнү аныкталган. Монголдор чабуулунан кийин Кыргызстандын кийинки мезгилине чейин шаар турмушу токтогон. Алгачкы орто кылымдардагы жана караханиддер доорундагы шаарлардын пландоо формасынын, мейкиндигинин жана жалпысынан архитектуралык көрүнүшүнүн калыптанышынын спецификалык өзгөчөлүктөрүн аныктоо тарых илиминин чечиле элек орчундуу маселелеринин бири болуп саналат.

Материалдар жана изилдөөнүн методдору. Кээ бир тарыхчылар Кыргызстандагы феодализм доорун бирдей узактыктагы эки этапка бөлүшөт. Алар биринчи этапты VI–XII к.к. деп эсептешет, ал көчмөндөр-малчылардын дыйканчылыкка массалык түрдө өтүү мезгили, ошондой эле туруктуу конуштардын жана шаарлардын пайда болуп, өсүү мезгили катары мүнөздөлөт. Экинчи этап (шаарлардын жок болушунан кийин XIII–XVIII к.к.тартып) – көчмөн малчылыкка кайтуу мезгили, дыйканчылык кайрадан мал чарбачылыгынын көмөкчү тармагына айланган (отурукташкан айыл-чарба конуштары жана шаарлар мамлекеттин түзүлүшүндө социалдык-экономикалык, маданий жана соода-сатык мааниси жактан жоготуулар болгон) . Мындай классификациянын өз себеби бар. Ал орто кылымдардагы архитектурадагы шааркуруунун жана архитектуранын өнүгүүсүнүн эки башка этаптары ачык көрсөтүп турат.

Кыргызстандагы феодалдык мамилелердин генезиси V–VI к.к.туура келет. Көчмөн ак сөөктөрдүн, аскер башкаруучуларынын жергиликтүү жайыттарды жана сугат жерлерди өздөштүрүүлөрү бара-бара жерге менчиктин пайда болушуна, Кыргызстандын аймагынын салыштырмалуу өз алдынча бөлүктөргө катуу бөлүнүшүнө алып келген [2].

VIII–IX к.к. феодалдык мамилелердин калыптануу процесси күчөгөн, бирок Кыргызстандын ар кайсы аймактарындагы коомдо феодалдык процесстердин калыптанышы бирдей болгон эмес. Айыл-чарба өндүрүшүнүн өнүгүшүнө көптөгөн объективдүү себептер тоскоолдук кылган Ички Тянь-Шанда феодалдаштыруу өзгөчө жайыраак темп менен жүргөн. VI к. ортосунда түрк урууларынын массасы Кыргызстандын түндүк аймагына Алтайдан жана Борбордук Азиянын башка аймактарынан көчүп келип, өздөрүнүн мамлекеттик түзүлүшүн – Түрк каганатын түзө башташкан. Ал башынан эле эки мамлекеттен – Чыгыш жана Батыш Түрк каганатынан турган. Акыркысына Кыргызстандын азыркы аймагы толугу менен кирген. Батыш Түрк каганатынын саясий борбору Чүй өрөөнүндөгү Токмак шаарына жакын жайгашкан Суяб (Ак-Бешим) шаары болгон. Көчмөн ак сөөктөр экономикалык жактан алсыз малчылардын жана майда дыйкандардын жерин, суусун, жайыттарын гана басып албастан, ошондой эле каганаттын калкын эксплуатациялоону күчөтөт, бул таптык дифференциацияга алып келген жана ошол эле учурда феодалдык мамилелердин калыптанышына өбөлгө түзгөн. Дал ушул мезгилде (VI-VII к.к.), тарыхый булактар күбөлөндүргөндөй, Тохаристан, Бухара жана Самарканддан келген согдулуктар Талас жана Чүй өрөөндөрүнө көчүп келишкен. Согдулук колонизациянын кесепети Кыргызстандын түндүк регионунда дыйканчылык маданиятынын жайылуусу менен бирге шаарлардын жана

айылдык калктуу конуштардын сызыктуу чынжырынын түзүлүшү болгон. VI к.чейин Кыргызстандын түндүк аймагында усундардын жалгыз жарым отурукташкан конуштарынан башка ири жана кичине шаарлар болгон эмес. Согдулардын көчүрүлүүсү Батыш-Түрк каганатынын алгачкы орто кылымдагы шаар маданиятынын капиталдык курулуштар жана эгин талаалары жок көчмөн чөйрөсүндө калыптанышына олуттуу таасирин тийгизген [3].

Убакыттын өтүшү менен түрктөр Фергананын түштүк бөлүгүнө кирип кетишкен, муну Алай тоо этектериндеги (Гүлчө айылына жакын), Өзгөндөгү жана Жалал-Абаддагы түрктөрдүн таш айкелдеринин табылган археологиялык калдыктары далилдейт. Касан шаарында Батыш түрк династиясынын өкүлдөрүнүн бири отурукташкан. VI–VII к.к. Ферганада алгачкы феодалдык мамилелердин калыптануу процесси жөнүндө жаңы типтеги конуштардын пайда болушу менен баалоого болот. Чоң патриархалдык үй-бүлөлөрдүн жеке усадьбаларынын ордун бекемделген сепилдер (сарайлар) жана чептер ээлеп калган.

Алар түрк жана жергиликтүү феодалдардын резиденциясы болгон жана айыл-чарба оазистерин коргоого, ирригациялык системалардын баш түзүмдөрүн көзөмөлдөөгө кызмат кылышкан. Чептерге жакын жерлерге айылдык конуштар жайгашкан. Андан соң алгачкы феодалдык шаарлар пайда болуп, кол өнөрчүлүктүн жана соода турмушунун борборлоруна айланып өсө баштаган [4].

Биздин замандын биринчи миң жылдыгынын ортосуна чейин Кыргызстандын тоо этектериндеги жана өрөөнүндөгү «талаа» аймактарында, ошондой эле чектеш аймактарда шаар менен айылдын бөлүнбөгөн биримдиги сакталып калган. Кол өнөрчүлүк дыйканчылыктан, ал эми дыйканчылык өз кезегинде мал чарбачылыгынан ажырай элек. Миңдеген жылдар бою көчмөн уруулар менен айыл-чарба оазисинин конуштарынын жанаша жашоосу жана акырындык менен өз ара аракеттенүүсү Чыгыштын көптөгөн өлкөлөрү үчүн өзгөчө өнүгүү модели болуп калды.

Байыркы убакта шааркуруу жана чарба-экономикалык жактан алганда Кыргызстандын түштүк аймагы түндүккө караганда алда канча өнүккөн. Кеч байыркы доордун бүткүл доорунда өндүрүштөгү жана экономикадагы жетектөөчү ролду жамааттын мүчөлөрү, өзгөчө айыл-чарбасы сактап келген. Элдердин калыптануу процесси «гундар, усундар» урууларынын бири-бири менен жарым-жартылай гана байланышкан бирикмелерин түзүүнүн чегинен өткөн эмес. Ал кезде бир элди жаратууга эч кандай өбөлгөлөр болгон эмес [5].

Биринчи миң жылдыктын экинчи жарымын тарыхчылар **байыркы түрк доору** деп аташат. Байыркы мезгилден кыйла айырмаланат. Биринчи миң жылдыктын ортосунан баштап азыркы Кыргызстандын аймагында жашаган калктын арасында феодалдык мамилелер акырындык менен калыптанууда. Кээ бир тарыхчылар Кыргызстандагы феодализм доорун бирдей узактыктагы эки этапка бөлүшөт. Алар биринчи этапты VI–XII к.к. деп эсептешет, ал көчмөн малчылардын дыйканчылыкка массалык түрдө өтүү мезгили, ошондой эле туруктуу конуштардын жана шаарлардын пайда болуп, өсүү мезгили катары мүнөздөлөт. Экинчи этап (XIII–XVIII к. тартып) – шаарлар жок болгондон кийин кайра көчмөн малчылыкка кайтуу мезгили, дыйканчылык кайрадан мал чарбачылыгынын көмөкчү тармагына айланган (отурукташкан айыл-чарба конуштары жана шаарлар мамлекеттик түзүлүштө социалдык-экономикалык, маданий жана соода-сатык жактан ажырап калган). Мындай классификациянын өз себеби бар. Бул орто кылымдардагы (б.а. биринчи жарымында жана экинчи жарымында) архитектура жана шааркуруунун өнүгүүсүнүн эки түрдүү этаптары жөнүндө сөз кылат. Бирок биринчи жарымында шааркуруунун бир тарыхый концепциясынан (эрте орто кылымдардагы) экинчисине өзгөрүү болгондугун белгилей кетүү керек, ал эми экинчисинде – шааркурууда жалпы төмөндөө же чындыгында токтоп калуу байкалган [6].

Кыргызстандын алгачкы орто кылымдардагы шаарлары менен айылдык конуштарын изилдөө үчүн ар кандай тарыхый булактар бар. Чүй өрөөнүндө шаарлардын сызыктуу кербен тизмегинин бар экендиги кытай саякатчысы Сюань Цзань жазма булактарында айтылат. Суйдун батышында бир нече ондогон жалгыз шаарлар бар, алардын ар биринин өзүнүн башчылары бар деп жазган. Алар бири-бирине көз каранды болбосо да, баары түрктөргө баш

ийишет. Сюань Цзандын географиялык сүрөттөөсү Чүй өрөөнүнүн «шааркурууну сүрөттөө», ошондой эле Тараздын фонунда Талас өрөөнүнүн урбанизация деңгээлинин абалын жана Ысык-Кел ойдуңунун, Тянь-Шань бийик тоолуу райондорунун калкы жөнүндө айрым маалыматтарды берген алгачкы ишенимдүү адабий булак деп айтууга болот. Кыргызстандын орто кылымдагы шаарлары жөнүндө араб географ-окумуштууларынын китептеринде ар түрдүү маалыматтар камтылган.

Корутунду. Орто кылымдагы шааркурууну изилдөөчүлөр Орто Азия шаарларынын архитектуралык-пландоо курамын калыптанышындагы окшоштуктарды жана айрым параллелдүүлүктөрдү эчак эле байкашкан. Орто кылымдардагы Кыргызстандын шаарлары алар менен көп окшоштуктарга ээ болгон. Орто Азиянын (Борбордук Азиянын) шаарларын алгачкы орто кылымдардагы изилдөөгө В.А.Лавров, В.Л.Воронина, О.Г.Большаков, А.М. , А.М. Беленицкий, И.Б.Бентович алышкан.

В.Лавров алгачкы орто кылымдарда Орто Азияда 20 шаар, В.Воронина 25-26 шаар болгон деп эсептеген, ал эми П.Кожемяко Чүй өрөөнүндө гана 13 шаардын изин тапкан, Пацевич Казакстанда 40ка чейин шаардын изин тапкан. . Орто кылымдагы шаарлардын так саны азырынча белгисиз. Бар болгон маалыматтардын дал келбегендигине карабастан, алгачкы орто кылымдардагы шаар куруунун негизги учурлары аныкталган [7].

Орто кылымдагы шаардын пландоо-функционалдык түзүлүшү жөнүндө изилдөөчүлөр арасында (үч бөлүктөн, төрт бөлүктөн жана андан көп) түрдүү пикирлер бар. Шаарлар эреже катары, феодалдардын сепилдеринде, кербен жолдорунда, чек ара чептеринин дубалдарынын жанында, кээде культтук жана диний сыйынуу жерлерде пайда болгон.

В.Бартольд биринчи жолу Орто Азиянын алгачкы орто кылымдардагы шаарларынын үч бөлүктөн турган түзүлүшүн байкаган: 1) феодалдык доорго чейинки шаар өзөгү – «шахристан»; 2) цитадель (диз); 3) кол өнөрчүлүк шаар четиндеги "рабад" [8].

В.Воронинанын пикири боюнча Чүй шаарлары бир аз башкача түзүлүштө болгон: цитадель менен өзөктөн жана концентрдик дубалдар менен курчалган эки (үч) шаар четинен, алардын бири да рабад деген атка татыктуу эмес. Цитадель камтыган: 1) сепил "кёшк"; 2) кызматтары бар короо (аскердик гарнизон); 3) жардамчылардын сарайлары; 4) тейлөөчүлөр үчүн бөлмө; 5) кампалар ж.б. Шахристандын бир нече дарбазалары, негизги жана кошумча көчөлөрү, турак-жайлары (сарайлар, усадбалык жана массивдүү курулмалар) болгон. Шаар четиндеги аймак өзүнчө ээликтерден – кёшкиден, чакан чептен, кербен-сарайдан («рустак» деп аталган) турган. Базарлар эркин территорияда дубалдын жанындагы, шаардын дарбазасынын жанында жайгашкан жана X к. атайын «базар курулмаларын» куруу башталган. Инженердик шарттарды жакшыртуу жана фортификация зор көтөрүлүүгө жетишти. Чоң көчөгө таш төшөлүп, суу түтүктөрү, канализациясы бар болгон. Фортификация дубалдардан, мунарадан жана чуңкурдан турат. Чеп дубалдардан ички кире бериши – «валганг» (галерея), кээде эки ярустуу, сырткы дубалы ичкисине караганда калыңыраак болгон. Жалпак чатыр үчүнчү ярус катары кызмат кыла алат. Көзөнөктөр 1ден - 2 м.ге аралыкта жайгаштырылган. Парапеттин жебе сымал контурлары атуу үчүн арналган. Дубалдардын түбүндөгү калыңдыгы болжол менен 9–10 м, бийиктиги 15 м.ге жеткен. Дарбазалар, эреже катары, лабиринт түрүндө курулган. Шаардын курулушу бир кабаттуу, жарым-жартылай эки кабаттуу болгон. Шахристандын бай үйлөрүндө азем залдары болгон, алардын дубалдары сырдалган, шыбы жана мамычалары оюп түшүрүлгөн оймо-чиймелер менен кооздолгон. Шаар четиндеги турак-жайлар негизинен эки кабаттуу (өзүнчө) курулган. Кире бериште «долун» (очок менен алдыңкы), экинчи кабатка тепкич да ушул жерде жайгашкан. Турак-жай "массивдери" өзүнчө секцияларга бөлүнөт. Секциялардын түзүмүндө турак-жай (уктоочу) бөлмөлөр, алдыңкы зал, бириктирүүчү бөлмөлөр, айвандар, кампалар жана муздак мончолор кирет. Мисалы, Пяджикентте секцияга кирүү үчүн пандустар колдонулган. Сыягы, бир нече секцияларды тууган үй-бүлөлөр ээлеген. Массивдин так ичкери жагында коммуналдык бөлмөлөр - дан, шарап, май сакталган. Турак-жайды эки бөлүккө (эркектер жана аялдар, азем) бөлүү буга чейин (б.а. ислам келгенге чейин) болгон.. Турак-жайдын арасында «алоу-хана» (хандан) тибиндеги атайын эркектер бөлмөлөрүкээде

клубдук жай катары түзүлгөн. Алар көбүнчө полдо отурушкан. Турак-жай үйлөрдө ар кандай очоктор болушу мүмкүн: тактагы, дубалга чукул жана дубал. Айванда «тахта» (өзб. «сура») курулган. Ошондой эле «үй капеллелери» (ыйык от жагылуучу жай) болгон. Согду шаарларында «от храмдары» деп аталгандар кездешет. Бул атайын курулган төрт бурчтуу бөлмө имараты, анын ортосуна өрт коюучу жай орнотулуп, анын тегерегине эркектер чогулган. Ошондой эле «сарай коруктары» залы бар - целлалар жана табынуучу буюмдар (идолдор) тизилген тегерек коридору бар [9]. Күмбөздүн эң алгачкы үлгүсү (күмбөз) Хорезмдик Баландадан табылган, анын чатыры күмбөз болуп капталган (V–VI к.). Хан сарай имараттары шаардын борборунда көп кездешет, мисалы, Ниса, Арахше, Термез, Яз-тепе. Кээде соодагерлер үчүн атайын жайлар курулуп, кийин алар кербен сарайлар деп атала баштаган. VIII к. баштап курула баштаган алгачкы мончолор Пенжикентте ачылган. Кадимки жана иш жүзүндө эң толук эрте орто кылымдагы шаар болуп VIII к. «катып калган» Пенжикент эсептелет. Пенжикентте жүргүзүлгөн комплекстүү археологиялык казуулар шаардын функционалдык жана пландоо түзүмүн ишенимдүү аныктоого мүмкүндүк берди, ошондуктан бул шаарды Чүй жана Таластын алгачкы орто кылымдардагы шаарларынын мейкиндик пландоо жана функционалдык мүнөздөмөлөрүн изилдөө жана чечмелөө үчүн типтүү үлгү катары колдонууга болот.

Фортификациялык коргоо чептерди (чеп дубалы, валдар, мунаралар, донжондор, цитадельдер), шахристан (турак-жайлар кварталдары, көчүрүүлөр, диний-сыйынуу курулмалар), көчөлөр жана аянттар, шаар четиндеги (сарайлар) жана Пенжикенттин некрополдорунун курамы окшош элементтер менен салыштыруу чүйлүк, таластык шаарларынын архитектуралык жана шаар курулушундагы көп окшоштуктарды жана айырмачылыктарды аныктоого болот. Бул маселелерди чечүү Кыргызстандын алгачкы орто кылымдардагы шаарларынын спецификалык (жергиликтүү) өзгөчөлүктөрүн аныктоо үчүн шарттарды түзөт [10].

Археологиялык материалдарды салыштыруунун негизинде Б.А.Литвинский алгачкы орто кылымдагы борбор шаарлар (Пенжикент, Кафыр-кала, Тараз ж.б.) негизинен үч пландоочу элементтерден турган деген жыйынтыкка келген: 1) цитадельдер; 2) накта шаарлар; 3) шаар чети. Шаарлар азык-түлүк менен камсыз кылган дыйкандар менен малчылардын жана шаардык базарды азык-түлүк менен камсыз кылган кол өнөрчүлөрдүн көңүл борбору болгон. Алар шаарларга жакын жерде отурукташып, бара-бара шаардын чет жакаларын жана айыл-чарба райондорун түзүшкөн. Арабдардын басып алууларынан кийин шаардын пландоочу элементтери «кала» (цитадель), «медина» (накта шаар), «рабад» (шаар чети) деп атала баштаган, тажик-перс терминологиясында: «кухендиз», "шахристан" жана "рабад" деп атала баштаган. Шаардын маанилүү коомдук-саясий ролуна карабастан, алгачкы орто кылымдарда элет калкы жана айыл-чарба өндүрүшү басымдуу роль ойногон. Ар бир шаар поселогуна онго чейин айылдык поселоктор туура келген.

Жыйынтыктоо. Кыргызстандын алгачкы орто кылымдардагы шаарларын толук кандуу архитектуралык-археологиялык изилдөөлөр алиге чейин жүргүзүлө элек. Жарым-жартылай археологиялык казуулар Ак-Бешим, Невакет, Өзгөн, Ош, Касан, Кара-Булак шаарларында жүргүзүлгөн. Ошого карабастан, мындай казуулардын натыйжалары Кыргызстандын орто кылымдардагы шаар курулушунун мүнөзү жана деңгээли жөнүндө пикирлерди топтоо үчүн көптөгөн баалуу материалдарды берди. Каралып жаткан мезгилдеги шаарлар жана айылдык калктуу конуштар дээрлик толугу менен талкаланган же жер бетинен жок кылынган. Архитекторлор жана археологдор Кыргызстандын шаарларынын өнүгүшүнүн тарыхый сүрөттөлүшүн кайра жаратуу маселесин чече элек.

Адабияттар тизмеси

1. Древняя и средневековая культура Кыргызстана: учебник. – Фрунзе: 1967.

2. Бернштам А.Н. Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана: учебник / Т. 1-2 // сост. К. Ташбаева, Л. Ведутова. – Бишкек: 1997. - 140 с.

3. Раннесредневековая культура Средней Азии и Казахстана: Тезисы Всесоюзной научной конференции в г. Пенджикенте Таджикской ССР, 26-31 августа 1977: / отв.ред. Б.И. Искандаров, В.М. Массон, Н.Н. Негматов. – Душанбе: 1977 . - 184 с.

4. Мамытов С.А. Городская культура тюрков в средневековье и ее роль в развитии дидактической литературы: Ош жана Фергана: археология, жаңы заман, маданий генезис, этногенез: тезисы доклада / С.А.Мамытов. – Бишкек: Мурас, 2000.

5. Мадалиев Н. Изучение древнетюркских памятников южного Кыргызстана: Ош и Фергана: археология, новое время, культурогенез, этногенез: тезисы доклада / Н.Мадалиев. – Бишкек: Мурас, 2000. 120 с.

6. Кыргызстан (Энциклопедия): Центр гос.языка и энциклопедии / под редакцией О. Ибраимова. – Бишкек: 2001. - 546 с. ISBN 5897501297.

7. Лавров В.А. Градостроительная культура Средней Азии (с древних времен до второй половины XIX века): учебник / В.А. Лавров. – Москва: Государственное издательство архитектуры и градостроительства, 1950. - 178 с.

8. Бартольд В.В. Археология, нумизматике, эпиграфике и этнографии: учебник / В.В. Бартольд. – Москва: 1966.

9. Распорова В.И. Согдийский город и кочевая степь в VII–VIII к.к. / В.И. Распорова // КСИА, материалы международной конференции. - Алма-Ата: 1970. - № 122.

10. Якубов Ю.Я. Раннесредневековые сельские поселения горного Согда (К проблеме становления феодализма):учебник / Ю.Я.Якубов. – Душанбе: 1988.

УДК 725.8 DOI:10.56634/16948335.2023.2.866-876

Gaukhar B. Halmurzaeva, Aigerim Zh. Tilenbaeva
I. Razzakov KSTU, Bishkek, Kyrgyz Republic

Г.Б. Халмурзаева, А.Ж. Тиленбаева
И.Раззаков атындагы КМТУ, Бишкек, Кыргыз Республикасы
КГТУ им. И.Раззакова, Бишкек, Кыргызская Республика
E-mail: ms.halmurzaeva@mail.ru
E-mail: aigerim.til@gmail.com

FEATURES OF THE FORMATION OF ETHNO SPACE IN MODERN THEATER BUILDINGS (WORLD PRACTICE)

УЧУРДА ТЕАТР ИМАРАТТАРЫНЫН ЭТНО МЕЙКИНДИГИН ТҮЗҮҮ (ДҮЙНӨЛҮК ПРАКТИКА)

ФОРМИРОВАНИЯ ЭТНО ПРОСТРАНСТВА В СОВРЕМЕННЫХ ТЕАТРАЛЬНЫХ ЗДАНИЯХ (МИРОВАЯ ПРАКТИКА)

Бул макалада "этно"маданий контекстинде заманбап театр мейкиндигинин калыптанышынын өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө аракет жасалган. Байыркы кыргыздардын салттуу мейкиндик дүйнө таанымынын окшоштуктары жана алардын азыркы конструктивдүү чечимдердеги идеялык окулушу келтирилген. Ар кандай географиялык аймактарда театр мейкиндигинин концептуалдык калыптанышынын мүнөздүү белгилери жарым-жартылай изилденген. Дүйнөлүк практикадан бир нече аналогдук объектилердин мисалында театр имараттарынын архитектуралык-мейкиндик чечимдерин өнүктүрүүнүн өзгөчөлүктөрү көрсөтүлгөн.

Түйүндүү сөздөр: *этноархитектура, театр мейкиндиги, көп функционалдуу мейкиндиктер, полифункционалдык мейкиндиктер, салттуу архитектура.*

В данной статье предпринята попытка исследования особенностей формирования современного театрального пространства в культурном контексте «этно». Приведены аналогии традиционного пространственного мировосприятия древних кыргызов и их идейное прочтение в современных конструктивных решениях. Частично исследованы характерные черты концептуального формирования театрального пространства в различных географических регионах. Рассмотрены особенности развития архитектурно-пространственных решений театральных зданий на примере нескольких аналоговых объектов из мировой практики.

Ключевые слова: *этноархитектура, театральное пространство, многофункциональные пространства, полифункциональные пространства, традиционная архитектура.*

This article attempts to study the peculiarities of the formation of modern theater space in the cultural context of "ethno". Analogies of the traditional spatial worldview of the ancient Kyrgyz and their ideological interpretation in modern constructive solutions are given in this article. The characteristic features of the conceptual formation of theatrical space in various geographical regions are partially investigated. The features of the development of architectural and spatial solutions of theater buildings are considered on the example of several analog objects from world practice.

Keywords: *ethnoarchitecture, theater space, multifunctional spaces, multifunctional spaces, traditional architecture.*

Introduction

The formation of the semantic meaning of the term "ethno" in the architectural context is based on a basic understanding of the differences and common features of traditional architecture and national architecture.

Modern design solutions of theater spaces are more subordinated to the design features of functional requirements, issues of the formation of the address environment of open urban spaces adjacent to the object, and ergonomic aspects of the perception of objects of this type in the urban/architectural environment.

The aesthetic image of the modern theater space is formed on the basis of the design solutions synthesis in the shaping of the main volumes, the plasticity of facade representations, the geoplastics of the adjacent territory, the tactility of the facade and used finishing materials, the exterior and interior lighting design, the current equipment and technical equipment of the entire theater space.

It should be noted that, the architecture of such large complex multifunctional spaces is a cultural symbol of the urban environment, the dominant attractor that attracts attention and supports the concept of the development of the surrounding space is of no small importance.

The issue of ethno-identification of dominant architectural objects, a kind of "spirit of place" as defined by K. Lynch, is becoming one of the important points in the formation of design concepts today.

Traditional architecture is tied to a greater extent to the peculiarities of the development of a certain multinational society within a certain geolocation, and reflects the influence of various cultural trends of the peoples that inhabit the territory under study.

National architecture carries the characteristic features of the formation of architectural and spatial solutions inherent in a certain ethnic group (nation) due to the prevailing and well-established internal and external factors.

At the same time, the choice of materials for architectural objects is not always dictated only by the specifics of geological processes that have determined the range of minerals used for the production of building materials. In part, the target choice of materials was influenced by the symbolic meaning and semantics of the created spatial architectural images.

Main part

Architecture throughout the history of its development is one of the most important indicators of culture, reflecting the internal processes of the organization of society.

At one time, Peter Behrens, a German architect, one of the founders of constructivism in architecture, noted that architecture is binary by nature, i.e. it combines material and spiritual (figurative-artistic) principles.

According to his theory, architecture is able not only to "reproduce a person's own structure" in the state in which it is at the moment, but also to influence the formation of a worldview, value systems and lifestyle of a person or social group in the future [1].

